КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

25.12.2023 № 3670/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Жаңы жылдык майрамдар жана кышкы каникулдар мезгилинде жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө**

Жаңы жылдык майрамдар жана кышкы каникул мезгилинде өзгөчө кырдаалдардын пайда болушуна шарт түзгөн себептерди жана шарттарды жоюуга багытталган ишти күчөтүү боюнча чараларды көрүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаментинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

- жаңы жылдык майрамдар жана кышкы каникул мезгилинде өзгөчө кырдаалдардын пайда болушуна шарт түзгөн себептерди жана шарттарды жоюуга багытталган иштерди күчөтсүн;
- жаңы жылдык майрамдарда жана кышкы каникулдарда окуп жаткандардын жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында ачык отту, от алуучу, пиротехникалык жана башка жаракат тийгизүүчү каражаттарды пайдаланууга болбой тургандыгы боюнча мектеп директорлору менен кеңешме өткөрсүн;
- кышкы каникул учурунда окуучулардын эс алуусун сапаттуу жана коопсуз уюштуруп, мектептен тышкаркы кошумча билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзсүн;
- жаңы жылдык майрамдарда, ошондой эле кышкы каникул учурунда турмуш-тиричилик коопсуздугу боюнча эрежелер, балдардын өмүрү жана ден соолугу үчүн ата-энелердин жоопкерчилигин жогорулатуу жөнүндө ата-энелер жана окуучулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
- жалпы билим берүү уюмдарында өрткө каршы сигнализацияларынын, алгачкы өрт өчүрүү каражаттардын, жылытуу системасынын оң абалда экендигин текшерсин;

- окуучулардын эс алуусун уюштурууда мектептердин спорт залдарын, студияларын жигердүү пайдаланып, ийримдердин ишин күчөтсүн;

- менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийгендигине карабастан жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин ушул буйрук менен тааныштырсын.

2. Ушул буйрук «Кут Билим» газетасына жарыялансын (К.Чекиров).

3. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары М.У. Касымалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

25.12.2023